Мугалим - таалайдын тазасы, тарбиянын башаты!
МУГАЛИМ
илимий-педагогикалык журналы
научно-педагогический журнал
2018
(26)
октябрь-декабрь

# Элдик дидактикалык чыгармалар: Макал-лакаптар

*(Биздин адабият, 5-класс)*





**Гүлзар Асанбекова,**

Абдыжапаров Маатмуса мектебинин кыргыз тили мугалими, Тогуз-Торо району, Жалал-Абад облусу

| Сабактын максаты:<br>Күтүлүүчү натыйжа: | Негизги компетенттүүлүк | Предметтик компетенттүүлүк |
|---|---|---|
| 1.Тилдик: Дидактикалык чыгармаларга кайсылар кирерин билишет. Макал-лакаптар "сөздүн чүйгүнү" экендигин түшүнүшөт. Макалдарды ылайыгына жараша кебинде колдонуп сүйлөй алышат.<br>2. Кептик: Макал-лакаптын айырмачылыгын жана окшоштугун окуп үйрөнүшөт.<br>3. Социомаданий: Бири-бирин уга билишет. Өз ара ынтымакта болушат | НК-1<br>НК-2<br>НК-3 | ПК-1<br>ПК-2<br>ПК-3 |

**Сабактын тиби:** Жаңы теманы окуп үйрөнүү Колдонулган ыкма: Топтордо иштөө, жекече иштөө
**Колдонулуучу каражаттар:** Түстүү сүрөттөр, ватман, маркер, пазл

| № | Сабактын этабы | Мугалимдин ишмердүүлүгү | Окуучунун ишмердүүлүгү | Баалоо |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Окуу ишмердүүлүгүнүн мотивдештирүү | Окуучулар менен учурашуу, жоктоо.<br>Жагымдуу маанай түзүү.<br>Сабакка болгон даярдыгын текшерүү.<br>Кызыктуу маалымат суроо менен сабак башталат.<br>Үй тапшырмасын суроо.<br>Өтүлгөн тема боюнча суроо-жооп иретинде берилет.<br>Бүгүн балдар мен силерди түстөр аркылуу топторго бөлүп алам.<br>"Өнөрлүү бала" жомогунун суроолоруна жооп бергиле<br>Балдар биз китепти көп окусак акылдуу, билимдүү жана адептүү болуп чоңоебуз. Бүгүнкү сабакта силердин билимиңерди жана билгичтигиңерди китеп менен баалайм. | Саламдашышат. Сабакка даяр келишет.<br>Бири-бирин карап жылмайышат.<br>Кызыктуу маалымат айтып беришет:<br>Адам көзүн ачып чүчкүрө албайт.<br>Адам чүчкүргөндө анын бардык булчуңдары менен катар жүрөгү да токтойт.<br><br>Кызыл түс – Акыл,<br>Жашыл түс - Билим,<br>Көк түс – Адеп.<br>Түстөр аркылуу үч топко бөлүнүшөт<br><br>Карточкадагы суроолорго талкуу жүргүзүшөт<br><br>Окуучулар топтордо иштеп көбүрөөк китепке ээ болууга аракет кылышат | Диагностика-к баалоо |
| 2 | Билимди актуалдаштыруу | Дидактикалык чыгармаларга кайсылар кирет?<br>Азаматсыңар балдар! Демек, дидактика грек тилинен котор-гондо өрнөктүүлүк, үлгүлүүлүк, үйрөтүүчүлүк деген маанини билдирет экен.<br>Дидактикалык чыгармалар түздөн-түз акыл айтуу, адептүү жүрүш-турушка үндөө, ак ниет, чынчыл, эмгекчил, кайрымдуу, адамгерчиликтүү, боорукер болууга чакыруу максатын көздөйт. | Окуучулар оюн ортого салышат.<br><br>1. Табышмактар<br>2. Макалдар<br>3. Жаңылмачтар<br>4. Үлгү ырлары<br>Окуучулар тема боюнча билгендерин эркин айтып беришет. | Калыптандыруучу баалоо |

<table>
<tr>
<td>3</td>
<td>Жаңы билимди өздөштүрүү</td>
<td>Кыргыз элинде дидактикалык чыгармалар оозеки чыгармачылыктын маанилүү бөлүгүн түзөт. Адамга акыл үйрөткөн жана адептүү жүрүш-турушка үндөгөн элдик оозеки чыгармалардын ичинен макал-лакаптар “сөздүн гүлү”, “сөздүн чүйгүнү” катары бааланат. Анткени макал-лакаптарда адам турмушунун берген тажрыйбалары, негизги корутундулары эң кыска, бирок өтө таамай, курч, учкул, терең мазмундуу сөз тизмектери эки же андан көп саптардан турган ыр түрмөктөрү аркылуу айтылат.<br>Макал менен лакаптын бири-бирине окшоштугу жана айырмачылыгы да бар.<br>Окшоштугу: Макал да, лакап да турмуштан алынып, элестүү сүрөттөлөт.<br>Айырмачылыгы: макалда айтылуучу ой аягына жеткирилип, айтылган ар бир окуяга корутунду чыгарылат.<br>Мисалы, Билеги күчтүү бирди жыгат, Билими күчтүү миңди жыгат. Лакапта адамдын оюу гана айтылып, корутунду чыгарылбай көмүскөдө калат. Ошондуктан лакап көбүнчө окшоштуруу,</td>
<td>Мугалимдин тема боюнча берген маалыматын кунт коюп угуп эске сакташат.<br>Мугалимден билбегенин сурашат.<br>Мугалимге суроо берүүнү үйрөнүшөт.</td>
<td>Калыптандыруучу баалоо</td>
</tr>
<tr>
<td></td>
<td></td>
<td>салыштыруу иретинде же бирөөгө таандык болуп айтылат.<br>М: Шодокондун бүркүтүндөй шоңшоюп.<br>Лакаптар уйкаштыкка анчалык муктаж эмес. Ал эми макалдар көбүнчө уйкашталып учкул тизмектешет.<br>“Адам оюнун, акыл-эсинин энциклопедиясы” болгон макалдар дээрлик дүйнөнүн бардык элине таандык. Жапон элинде: «Боекчунун шымы боелбойт», афган элинде: «Карапачынын үйүндө бүтүн идиш жок», адыгей элинде: «Кайышчынын камчысы жок», кытай элинде “Желпигич сатчуу колу менен желпинет”, вьетнам элинде: “Темир устанын чайыр кесе турган бычагы жок”, ал эми кыргыз элибизде: «Устанын тогосу жок» делип мааниси жагынан өтө жакын келет.<br>Эмесе балдар, бүгүнкү тема боюнча тапшырмаларды аткаралы.<br>“Ким тапкыч” оюну<br>1-тапшырма: Сөздөрдөн макал куроо.<br>1. Алыс, азаптан, жигит, болот, адептүү<br>2. Жокко, түн, күн, билими да<br>3. Наадансың, болсоң, ыймансыз, ыймандуу, адамсың. болсоң.<br>2-тапшырма: Макалдардагы калтырылган сөздөрдү тапкыла.<br>1. Бетке ................................... жок<br>2. Касапчы.........................сатат<br>3. Жигиттин уялганы...................<br>4. ......................баатыр жоодо жок.<br>5. Кеңешип ......................оорубайт<br>6. Кыздын ...............................улук.<br>3-тапшырма: “Адашкан тамгалар”<br>
<table>
<tr><td>в</td><td>б</td><td>и</td><td>л</td><td>и</td><td>м</td><td>б</td><td>а</td><td>л</td><td>у</td><td>у</td><td>т</td><td>у</td></tr>
<tr><td>и</td><td>й</td><td>н</td><td>е</td><td>ф</td><td>ч</td><td>м</td><td>е</td><td>н</td><td>е</td><td>н</td><td>ө</td><td>с</td></tr>
<tr><td>з</td><td>л</td><td>к</td><td>у</td><td>д</td><td>у</td><td>к</td><td>ү</td><td>ш</td><td>ө</td><td>к</td><td>я</td><td>ы</td></tr>
<tr><td>ъ</td><td>г</td><td>ж</td><td>ң</td><td>к</td><td>а</td><td>з</td><td>г</td><td>а</td><td>н</td><td>д</td><td>а</td><td>й</td></tr>
</table>
<br>4-тапшырма: Жомоктогу сюжеттүү сүрөттөргө карата макал айтуу</td>
<td>“ Ким тапкыч” оюнунда берилген сөздөрдөн макалдарды курашат.<br>Адеп тобу: Адептүү жигит азаптан алыс болот.<br>Билим тобу: Билими жокко күн да түн.<br>Ыйман тобу: Ыймандуу болсоң адамсың, ыймансыз болсоң наадансың.<br>Ар бир топко макалдар жазылган ватмандар берилет, топтор өз ара кеңешип калтырылып кеткен сөздөрдү ордуна коюшат.<br>1. Бетке айткандын заары жок<br>2. Касапчы энесине сөөк сатат.<br>3. Жигиттин уялганы өлгөнү.<br>4. Үйдө баатыр жоодо жок.<br>5. Кеңешип кескен бармак оорубайт<br>6. Кыздын кырк чачы улук.<br>Адашкан тамгалардын арасынан макал таап чыгышат..<br>“Билим алуу ийне менен кудук казгандай”.<br>Жомоктогу сүрөттөргө карап ой жүгүртүп, ылайыгына жараша макал айтышат.<br>Оозу кыйшык болсо да, байдын уулу сүйлөсүн.<br>Ата сыйлаган абийир табат, эне сыйлаган элге жагат.<br>Акылдуу болсоң озосуң, акылсыз болсоң тозосуң.</td>
<td></td>
</tr>
</table>

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | |    | Топтор аракет кылышып, кайсы топ биринчи тапса упай кошулат.<br>Топтор макал таап айтууга аракет кылышат. | |
| 4 | Сабакты бышыктоо | 1. Макал менен лакаптын кандай айырмачылыгы бар?<br>2. Дидактикалык чыгармаларга кайсылар кирет?<br>3. Эмне үчүн макал-лакаптарды “сөздүн чүйгүнү” катары баалашат? | Суроолого жооп беришип, топтордо талкуу жүргүзүшөт.<br>БББК таблицасын толтурушат. | Калыптандыруучу баалоо |
| 5 | Жыйынтыктоо.<br><br>Кайтарым байланыш.<br><br>Үйгө тапшырма<br><br>Билимин баалоо | Демек, балдар “Макал бар жерде, акыл бар” демекчи, макалдарды өз сөзүбүздө кошуп сүйлөгөнгө аракет кылып, адептүү, ыймандуу, билимдүү балдар-кыздардан бололу<br>Бүгүнкү сабак силерге жактыбы? Эмне биле алдынар?<br><br>Макал-лакап жазылган кичинекей китепче жасап келүү *(чыгармачылык менен).*<br><br>Окуучулардын жаңы тема боюнча алган билимдерин текшерүү максатында баалоо баракчасын таркатып берет.<br>*(+, - коюп чыгуусун түшүндүрөт)*<br><br>Окуучулардын билими жекече жана топтук болуп бааланат. Топтун мыктысы табылат | Окуучулар баалоо баракчасын толтурушат (+, - *белгиси менен белгилешет)*<br><br>Тапшырманы Кызыктуу аткардым маалымат алдым<br><br>Жагымдуу маанай Мен<br>Макал менен түздүм лакаптын айырмасын билдим<br><br>Жаңы сабакка Сабак кызыктуу активдүү болду катыштым | Жыйынтык баа |